مبرة الآل والأصحاب

# Пайгамбарыбыздын үй-бүлөсү менен Сахабалардын туугандыгы жана достугу

**Куда сөөктүк байланышы жана бекем достугун бардык тарых булактары далилдейт**

**Даярдаган: Али Бин Хамд Аттамимий**
*Манбара шаарындагы изилдөө борборунун орун басары*

**Бишкек-2019**

هاتف: ٢٢٥٦٠٢٠٣ - ٢٢٥٥٢٣٤٠ فاكس: ٢٢٥٦٠٣٤٦
ص. ب: ١٢٤٢١ الشامية الرمز البريدي ٧١٦٥٥ الكويت
E-mail: almabarrh@gmail.com
www.almabarrah.net
رقم الحساب: بيت التمويل الكويتي ٢٠١١٤٠٠٠٠٣٥٧

فهرسة مكتبة الكويت الوطنية أثناء النشر

٢٣٩,٩ التميمي ، علي بن حمد بن محمد .
الآل والصحابة : محبة وقرابة ... / علي بن حمد بن محمد التميمي. ط١.-
الكويت : مبرة الآل والأصحاب ، ٢٠٠٨
٥٤ ص ؛ ٢٤ سم . - « العلاقة الحميمة بين الآل والأصحاب ؛ ٦ »
ردمك : ٧ - ١ - ٦٧٤ - ٩٩٩٠٦ - ٩٧٨

١ . الصحابة والتابعون ٢. المهاجرون والأنصار
٣. المصاهرات بين الآل والأصحاب أ. العنوان ب. السلسلة

رقم الإيداع : ١٣٩ / ٢٠٠٨
ردمك : ٧ - ١ - ٦٧٤ - ٩٩٩٠٦ - ٩٧٨

بسم الله الرحمن الرحيم

Бул китепти сүрөтүн жана ысымдарын эч кандай өзгөртүүсүз
жана эч кандай кошумчасыз басып чыгарганга гана уруксат берилет.
Эгерде өзгөртүүлөр болсо китептин ээсинен уруксат суроо зарыл.

2019-жыл

مبرة الآل والأصحاب

**هاتف: ٢٢٥٦٠٢٠٣ – ٢٢٥٥٢٣٤٠ فاكس: ٢٢٥٦٠٣٤٦**

**ص. ب: ١٢٤٢١ الشامية الرمز البريدي ٧١٦٥٥ الكويت**

**E-mail: almabarrh@gmail.com**

**www.almabarrah.net**

**رقم الحساب: بيت التمويل الكويتي ٢٠١١٤٠٠٠٠٣٥٧**

# МАЗМУНУ

Кириш сөз.........................................................................................................................5
**Биринчи бөлүм** / Аллахтын элчиси менен төрт халифтин кудалык байланыштары......6
**Экинчи бөлүм** / Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын салам салаваттары болсун) кыздары..........................................................................................................................8
**Үчүнчү бөлүм** / Али менен Фатиманын баш кошуусу (Аллах алардан ыраазы болсун)..........................................................................................10
**Төртүнчү бөлүм** / Балдарына жана кыздарына жакшы көргөн аттар............................12
**Бешинчи бөлүм** / Аллахтын элчиси (ага Аллахтын салават саламдары болсун) менен Абу Бакрдын (Аллах андан ыраазы болсун) кудалык байланышы.......................14
**Алтынчы бөлүм** / Эки энем Абу Бакрдан.........................................................................16
**Жетинчи бөлүм** / Имам Жаъфар Ас Соодык / Абу Абдулла Жаъфар Ас Соодык бин Мухаммад Аль Баакир бин Али Зайнуль Аабидин бин Хусейн бин Али бин Абу Толиб (баарынан Аллах ыраазы болсун)........................................................................................18
**Сегизинчи бөлүм** / Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын салават саламдары болсун) жана Умардын (андан Аллах ыраазы болсун) кудалыгы................................................20
**Тогузунчу бөлүм** / “Мен эки халифанын баласымын”-деп Зайд бин Умар сыймыктанып айтчу экен...................................................................................................22
**Онунчу бөлүм** / УСМАН (Аллах андан ыраазы болсун)................................................24
**Он биринчи бөлүм** / Пайгамбарыбыздын үй бүлөсү менен Усмандын үй бүлөсү........26
**Он экинчи бөлүм** / Пайгамбарыбыздын үй бүлөсү........................................................28
**Он үчүнчү бөлүм** / Зубайр Пайгамбар үйүндө..............................................................30
**Он төртүнчү бөлүм** / Али менен Зубайрдын кудалашуусу (Аллах алардан ыраазы болсун).........................................................................................32
**Он бешинчи бөлүм** / Али менен Толханын үй бүлөлөрүнүн кудалашуулары (Аллах алардан ыраазы болсун).........................................................................................34
**Он алтынчы бөлүм** / Хусейндин Сахабалар менен кудалыгы........................................36
**Он жетинчи бөлүм** / Мухаммад Ал-Баакир....................................................................38
**Он сегизинчи бөлүм** / Хафса бин Мухаммад Ад-Диибааж............................................40
**Он тогузунчу бөлүм** / Моомундардын энелери, Пайгамбардын (ага Аллахтын салават саламдары болсун) аялдары.........................................................42
**Жыйырманчы бөлүм** / Бейиш убада кылынган 10 Сахаба...........................................44
**Жыйырма биринчи бөлүм** / Төрт Халифанын учурундагы Ислам мамлекетинин чоноюшу.........................................................................................................................46
**Жыйырма экинчи бөлүм** / Пайгамбарыбыз менен ата тек жана дос болуу.................48

## Кириш сөз

Бизди ислам менен шарапаттуу, ыйман менен ыззаттуу кылган, Куран менен туура жолго салган, инсандардын арасынан эң жакшы үммөт кылып тандаган Алла Таалага чексиз хамд шүгүрлөр жана Ааламга мээрим кылып жөнөтүлгөн Аллахтын элчисине жана анын үй-бүлөсүнө мактоолор болсун!

Сахабалардан, таабиъиндерден жана аларды кыяматка чейин жакшылыкка ээрчигендерге Алла ыраазы болсун!

Ак менен кара, жакшы менен жаман аралашкан убакта мусулмандардын адеп-ахлагы жоголуп, улууну кичүү сыйлабай, илимдүүнү четке кагып, илимсиздер сүйлөй баштаган заманда, кээбирлер сахабаларга сөз тийгизип аларды жана үйбүлөлөрүн акаарат кыла башташты. "Досуңду айт, сенин ким экениңди айтамын" жана "устаз кандай болсо шакиртта ошондой" дегендей, бул жолдогу адамдар улуу Пайгамбарыбызга сөз тийгизүүгө камданып жаткандай. Же болбосом биз үлгү туткан сахабаларды жамандап бизге башка үлгү туткулары бар сыяктанат. Ошол себептен биз сиздерге сахабалардын достугу, туугандыгы жана куда-сөөк мамилелери жада калса балдарын бири бири менен аташкандыктары жөнүндө кыскача айтууну чечтик.

Араптарда мурда да улуу-урматтуу жана тектүү инсандарга кудаа түшүү адат болгон. Бирок ислам дини келгенден кийин бул адатты таквалык менен чектеп бекемдеди.

Өзү жакшы көргөн жана үлгү туткан инсандын ысымы менен баласын атоо мусулмандар менен эле чектелбей дүнүйө элдеринин баарында адат болгон. Бирда адам өзү жаман көргөн же жийиркенген инсандын ысымы менен баласын атаганын көрбөйсүн.

Сахабалардын достугун жана туугандыгын тастыктаган жыйырма төрт далил жана сахабалардын өздөрү, балдары, небере чебērелерине да элүүдөн көп кудаа түшкөндүгүн алып келдик.

Окуучунун эске тутуусу жеңил болуу үчүн далилдерди сүрөт жана схемалар менен көрсөтүүнү чечтик.

Бул жердеги далилдердин баары ислам дүйнөсүндө так жана белгилүү.

Бул далилдерди ислам тарыхы, сиро китептери жана башка элдердин жазмалары тастыктайт.

## Биринчи бөлүм

### Аллахтын элчиси менен төрт халифтин кудалык байланыштары

Төрт халифтин Аллахтын элчиси (ага Аллахтын салават саламдары болсун) менен бекем жана тыгыз байланышта болушкан. Биринчи халифа жана исламды да биринчи кабыл кылган, чынчыл деген атка конгон Абу Бакр (Аллах андан ыраазы болсун) өзүнүн кызы, моомундардын энеси Аишаны (Аллах андан ыраазы болсун) Аллахтын элчисине турмушка берген.

Аиша энебиз Пайгамбарыбыз менен биргеликте тогуз жыл чогу жашакан. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын салават саламдары болсун) Аиша энебиздин күнү, Аиша энебиздин бутуна башын коюп жаткан абалда жан берген жана Аиша энебиздин бөлмөсүнө коюлган (Аллах андан ыраазы болсун). Аиша энебиз 57 хижрий жылы жан берген.

Ошондо Абу Бакр Аллахтын элчисинин досу жана кудасы болуп калат. Бул эле эмес Аллахтын элчиси (ага Аллахтын салават саламдары болсун) менен бул дүнүйөдө жакын жолдошу болгондой эле өлгөндөн кийинда жакын жоро-жолдошу болуп анын жанына көмүлгөн.

Умар ал-Фарук (Аллах андан ыраазы болсун) үчүнчү хижрий жылы намазкан, көп орозо кармаган, такыба Хафса кызын Аллахтын элчисине (ага Аллахтын салават саламдары болсун) турмушка берет. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын салават саламдары болсун) каза болгонго чейин бактылуу жашашат. Бул үммөттүн аманат көйү болуп, болуп Абу Бакр жана башка сахабалар чогултткан Куранды Хафса энебизге сактагы беришет.

Умар ал-Фарук Аллахтын элчисин (ага Аллахтын салават саламдары болсун) исламды кабыл кылгандан баштап акыркы күнүнө чейин бирге болуп эч алыс кеткен эмес. Өлгөндөн кийинда Аллах насип кылып Аллахтын элчиси менен бир бөлмөгө коюлат. Бул көрүнүш, тирүү кезинде бирге жүрүп өлгөндө да бир жерге көмүлүү эң катуу жана далил, алардын достугуна.

Усман жана Али экөө жөнүндө кийинчераак айтып өтөбүз (Аллах алардан ыраазы болсун).

# Аллахтын элчиси (ага Аллахтын Салам Салаваттары болсун) менен төрт Халифанын (Аллах алардан ыраазы болсун) кудалык байланышы




1) Пайгамбарыбыз (С.А.В.) дын Айшага үйлонушу
- Таарийху Димашк 3/92
-Ат-Тобакооту аль-кубро 8/271
-Аль-исообату 1726-бет
-Бихаару аль-анваар 22/202
-Аль-Хадааику ан-наадироту 23/88, 90
-Кашфу аль-гитоо 1/57

2) Пайгамбарыбыз (С.А.В.) дын Хафсага уйлонушу
-Ат-Тобакооту аль-кубро 8/285
-Таариху димашк 3/92
-Аль-Исообату 1665-бет
-Бихаару Аль-Анваар 22/202
-Аль-Хадаику Ан-Надирооту 23/88
Кашфу-Аль-Гитоо 1/57

3) Усмандан Рукаййага жана Умму Кульсумга уйлонушу
-Таариху димашк 3/80
-Манаакибу Аали Аби Тоолиб 1/209
-Бихаару Аль-Анваар 22/167

4) Алинин (радыйа Аллаху анху) Фатимага уйлонушу
-Таариху димашк 3/80
-Бихаару Аль-Анваар 22/167

## Экинчи бөлүм

## Аллахтын элчисинин
## (ага Аллахтын салам салаваттары болсун) кыздары

Пайгамбарлардын улугу, адам баласынын сыймыгы болгон пайгамбарыбыз Мухаммад (ага Аллахтын салават саламдары болсну) кыздары эң эле үлгүлүү инсандардан болгон. Алардын энеси дүнүйөдөгү аялдардын саййиди болгон Хадича энебиз.

Кыздарынын чоңу Зайнаб (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарлык келээрден он жыл мурда жарык дүйнөгө келген. Абдул Маннаф тукуман болгон Абу ал-Ъаас бин Робиъке турмушка чыгат. Фатима энебиз каза болгондо Али (Аллах андан ыраазы болсун) Зайнабка үйлөнөт.

Дүнөдөгү аялдардын ханышасы, пайгамбарыбыздын сүйүктүү неберелери Хасан менен Хусейндин энеси Фатима (Аллах андан ыраазы болсун). Пайгамбарлыктан бир жыл мурун төрөлгөн. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын салават саламдары болсун) эң кичинеси жана сүйүктүүсү. Хижрий жыл эсеби менен 2чи жылы адилеттүү төрт халифалардын бири болгон Али (Аллах андан ыраазы болсун) турмушка чыгат. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын салават саламдары болсун) каза болгондон соң алты айдан кийин 11 чи хижрий жылы кызы Фатимада жан берет.

Эки хижраттын ээси (эки жолу Аллах үчүн көчкөн. Биринчиси хабашага, экинчи жолу мединага) пайгамбарлыктан жети жыл мурун туулган. Абу Лахабтын улуунан ажырашкандай кийин төрт адилеттүү халифалардын бири Уман (Аллах андан ыраазы болсун) менен баш кошот. Усман менен (Аллах андан ыраазы болсун) Хабашага (Эфиопия) көчүп барып балалуу болушуп атын Абдулла коюшат. Анын өмүрү кыска болуп жаш кезинде каза болот. Анан мединага көчүп келишип Бадр согуш учурунда каза болот тогузунчу хижрий жылы.

Умму Күлсүм пайгамбарлыкка чейин Рукоййадан кийин төрөлөт (Аллах алардан ыраазы болсун). Мадинага хижрат кылып эжеси Рукоййа каза болгондон кийин Усманга (Аллах аалардан ыраазы болсун) турмушка чыгат. Экөө балалуу болушпайт.

Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын салават саламдары болсун) кыздарынын баары Фатимадан башкасы тирүү кезинде каза болушкан.

Аллахтын элчисинин төрт кызы болгонун баардык тарых булактары тастыктайт жана Куранда да “Кыздарың”-деп көптүк түрдө келет. Жалгыз түрдө сенин кызың деп келген эмес. Ошондой эле сахабалардан, аалымдардан жана сира китептеринен да төрт кызы бар деп окуп келебиз. Бул сөзгө басым жасаганыбыздын себеби кээбир дин душмандары Фатима (Аллах андан ыраазы болсун) гана Аллхтын элчисинин кызы калганы анын кыздары эмес дешет. Аятка, хадис жана башка шариат китептерине сөз тийгизигип. Алардын айткан бул сөздөрү эч нерсе менен тастыкталган эмес.

مبرة الآل والأصحاب

# Аллахтын элчисинин кыздары

(ага Аллахтын Салам Салаваттары болсун)

## Зейнеп

(Аллах андан ыраазы болсун)

- Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын Салам Салаваттары болсун) Кыздарынын улуусу
- Пайгамбарлыктан 10 жыл мурун төрөлгөн
- Абу Аас бин Робиьага (Аллах андан ыраазы болсун) турмушка чыккан
- Хижрат кылып жатканда мушриктер кол салып төөсүнөн жыгыткан
- Али аттуу баласы жаш каза болгон
- Умаама аттуу кызы Фатима (Аллах андан ыраазы болсун) каза болгондон кийин Али бин Абу Толибке Турмушка чыгат

## Фатима

(Аллах андан ыраазы болсун)

- Аялдардын айымы
- Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын Салам Салаваттары болсун) эң кичинекей кызы
- Пайгамбарлыктан бир жыл мурда туулган
- 2-хижрий жылы Алиге (Аллах андан ыраазы болсун) турмушка чыккан
- Бейиштеги балдардын мырзасы болго Хасан менен Хусейн жана Зейнеп Умму Кулсумду төрөгөн
- 11-хижрий жылы Рамазанда каза болгон

**Эй, пайгамбар! айткын:**
**Жубайларыңа, кыздарыңа жана момундардын аялдарына айткын:**
**"үстүлөрүнө сырткы (кенен) кийимдерди жамынышсын.**

*Ахзаб суроосу 59-аят*

**Баары, ааламдагы аялдардын айымы жана момундардын энеси болгон Хадижанын кыздары**

(Аллах баарынан ыраазы болсун)

**Баары, ыймандуу болушкан жана хижрат кылышкан**

## Умму Кулсум

(Аллах андан ыраазы болсун)

- Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын Салам Салаваттары болсун) үчүнчү кызы
- Пайгамбарлыктан мурда Рукаядан биринчи төрөлгөн
- Рукая каза болгондон кийин Усман бин Аффанга Турмушка чыгат (Ошон үчүн Усман эки нурдун ээси деп аталган)
- Балалуу болгон эмес
- Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын Салам Салаваттары болсун) тирүү кезинде 9-хижрий жылы Шаабан айылында каза болот

## Рукая

(Аллах андан ыраазы болсун)

- Пайгамбарлыктан 7 жыл мурун төрөлгөн
- Күйөсү Усман бин Аффан менен хабашага хижрат кылган
- Абдулла аттуу бала көргөн
- Ал баласы 6-хижрий жылы каза болгон
- Бадр Газават учурунда Мадинада каза болгон


1) Ас-сийроту ан-набавийяту Ли-Ибни Хишаам 2/9
2) Таарийху аль-ислаам Ли-Л-Захабий 1/13
3) Таарийху Димашк Ли-Ибни А'саакир 3/125
4) Аль-бидаяту ва ан-нихаяту Ли-инни Касийр 2/294
5) Аль-Исообату Ли-Ибни хажар Таржаматан 11/81
6)Аль-истийа'абу Ли-ибн Абди-Аль-Бирри 1/17
7) Асаду аль-гообати Ли-ибни Аль-Асийир 1/10
8) Аль-Хасоолу Ли-С-Содууки 404-бет
9)Тахзийбу аль-хакаами Ли-т-Туусий 2/333
10) Шарху Усуулу аль-Каафий Ли-Л-Маазандарооний 7/144
11) Таажу аль-Мавалийд Ли-т-Тибрисий 9-бет
12) Таажу Мавалийду Аль-аиммати Ли-ибни Хошааби 7-бет
13) Манаакибу Аали Аби Боолиб ибни-Шахри Аашууби 3/90
14) Аль-масааилу ас-сарвийяти Ли-Л-Муфийд 94-бет
15) Мустадрокаату и'лму ар-рижаали Ли-н-намазий Аш-шаахируудий (Таржамату рокми) котормонун номери 9227 жана1586, 959, 18068.
16) Аль-мукниа'ту Лил-Муфайд 332-бет
17) Аль-мабсууту Ли-т-Туусий
18) Мисбааху аль-мужтахид Ли-т-Туусий80, 622-бет
19) Тазкироту аль-фунохаа'и Лил-хуллий 2/604
20) Курбу аль-иснаад Ли-л-Хумайрий аль-камий 9-бет
21) Му'жаму рижаали аль-хадийс Ли-л-Хавий 12/129 24/208 19/305 котормонун номери15626
22) Бихааару аль-анваар Ли-л-Мажлисий 42/95
23) Васаилу аш-шийа'ти ли-л-хурри аль-а'амилий 3/129
24) Аль-истибсоору ли-т-туусий 485-бет
25) Аль-Хадаику ан-наадироту Ли-л-бахроний
26) Мунтааха Ли-л-хуллий 1/446
27) Коомуус ар-рижаали Ли-т-тастарий (котормонун номери 119, 242, 8, 126)

## Үчүнчү бөлүм

### Али менен Фатиманын баш кошуусу (Аллах алардан ыраазы болсун)

Али менен Фатиманын (Аллах алардан ыраазы болсун) баш кошуусуна сахабалар чоң себеп болушкан.

Абу Бакр, Умар жана Саъд бин Муъаз (Аллах алардан ыраазы болсун) чоң бадр газаватынан кийин Алини Фатимага үйлөнүүгө чакырышкан.

Али кембагал болгондуктан Усман (Алллах алардан ыраазы болсун) Алинен "ал-Хатмиййа" калканын төрт жүз дирхамга сатып алган, ошентип "Махрын" (калыңын) Усман (Аллах андан ыраазы болсун) төлөгөн. Алинин калканын Усман (Аллах алардан ыраазы болсун) сатып алгандан Али Усманга: ал калкан менден сага белек деди. Ушинтип дос жана диндеги бир туугандар кичи пейилдик менен бири бирине жардам беришкен.

Бул чоң кубанычка Ансаларда кыбанышып Саъд (Аллах андан ыраазы болсун) бир кой союп жана башка Ансарларда жардамдышып тойун өткөрүшкөн.

Ансарлар муну менен эле чектелишпей, Харис бин Нуъман ал-Ансарий (Аллах алардан ыраазы болсун) Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын салават саламдары болсун) жанындагы үйүн Али менен Фатимага белек кылат (Аллах алардан ыраазы болсун).

Абу Бакр башында турган сахабалар Али менен Фатиманын үйүнө керектелүүчү нерселерди сатып беришет.

Бул диндеги бир тууганддыктын, сүйүүнүн жана достуктун белгиси.

مبرة الآل والأصحاب

# Берекелүү нике

## Али менен Фатиманын үйлөнүүсү

*(Аллах алардан ыраазы болсун)*



Экинчи хижрий жылы Бадр газабатынан кийин Мадина шаарында үйлөнөт



Тойунда Саьд бир кой анан кээбир Ансарлар буудай алып келишкен (2)



Абу Бакр, Умар жана Саьд Алинин Фатимага үйлөнүүсүнө ишарат кылат (1)



Харис бин Нуьман Аль-Ансорий уй белек кылган. (Аллах андан ыраазы болсун) (3) (5)



Алинин Фатимага берген махры (калыны) калкан болот. Аны Усман (Аллах андан ыраазы болсун) төрт жүз дирхамга сатып алат да калканды кайра Алиге кайтарып берип бул менин сага белегим деп айтат. (4)




Абу Бакр, Билал, Салман төшөк жана идиш аяк сатып алып беришкен (Аллах алардан ыраазы болсун) (4)




(٤) بحار الأنوار للمجلسي ج ٤٣ ص ١٣٠

(٣) بحار الأنوار للمجلسي ج ١٩ ص ١١٣




٥ ( ) الطبقات الكبرى لابن سعد ج ٨ ص ٣٢٩

1) Ал-Хитбату

-Кашфу аль-гиммата 1/343

2) Аль-Махру ва тажхийзаату аль-урси

-Бихаару аль-анваар: 43/130

3) Аль-валиймату

-Фадооилу ось сахаабати. Ли Ахмад ибни Ханбал 2/858


4) Аль-Манзил

-Ат-Тобакооту аль-Кубро 8*329

-Бихаару аль-анваар 19/113




(١) كشف الغمة للأربلي ٣٤٢/١




(٢) فضائل الصحابة للإمام أحمد بن حنبل حديث (١١٧٨)


E.mail : almabarrh@hotmail.com

دولة الكويت-الفيحاء-ق٧-شارع بلال بن رباح-م(١)-هاتف ٢٢٥٦٠٢٠٣-فاكس ٢٢٥٦٠٣٤٦

almabarrah

www.almabarrah.net

## Төртүнчү бөлүм

### Балдарына жана кыздарына жакшы көргөн аттар

Кел бул улуу инсандын балдарын кандай ысымдар менен аташканын карап көрөлү!!!

Абу Бакр, Умар жана Усман "Карбала"га катышышып, коргойбуз деп чакырышкандардын кыянаттыгы себебинен ошол жерде шахид болушат.

Жогоруда айтылган үчөөтөң Алинин балдары (Аллах баарынан ыраазы болсун).

Алинин Абу Бакрга болгон достугу күчтүү болгондуктан баласынын атын Абу Бакр койот (Аллах баарынан ыраазы болсун). Ошондой эле Алинин баласы Хасанда баласынын атын Абу Бакр койот. Хусейн болсо баласынын атын Умар жана Усман койот. Ошондой эле Али балдарын Аббас жана Усман деп (Аллах алардан ыраазы болсун) ат койот.

Алинин Умар деген баласы, балдарынын арасын эң акыркы каза болот.

Бул эле эмес, алтынчы муундагы Муса ал-Казим эки баласын Абу Бакр жана Умар деп атайт.

Эгерде дагы терээңираак Алинин үйбүлөсү, урук-тукуму балдарын кандай ысымдар менен атаганын билгиң келсе анда төмөндөгү аттарга көңүл бур.

Алинин чебереси Жаъфар ас-Содик кызы Аиша

Алинин чыбырасы Муса ал-Казим кызы Аиша

Алинин кыбырасы Али ал-Казим кызы Аиша

Алинин кымыңдасы (он биринчи ) кызы Аиша

Мындан башка да көтөгөн далилдер бар сахабалар бири бирин туугандыгы жана достугун далилдеген. Алардын достугун тастыктаган балдарын, небере-черелерин бири бирин ысымдары менен аташганы. Кээбир дин душмандары сахабаларды бизге бири бири менен душман болушканын көргөзгүсү келет. Бирок ал андай эмес. Эч бир инсан баласын душманын ысымы менен атабайт.

Аллах Таала баарыбызды душмандардын куулугунан сактасын.


# Али жана анын балдары жакшы көргөн ысымдар (Алардан Аллах ыраазы болсун)

مبرة الآل والأصحاب

**Достук жана сүйүү**

Адам, табиятынан өз баласын өзүнө душман болгон адамдын ысымы менен атабайт.

Бул жерде Сахабалардын бири - биринин аттары менен балдарын койгондугунан достук жана сүйүү бекемдигин гана көрөбүз.




**Алынган негиздер:**

- Аль-Усайлий Ли-ибни Ат Токтокий
-Бихаару аль-анваар Ли-Л-Мажласий
-Аль-Бидаяту ва ан-нихаяту Ли-Л-Хаафих Ибни-Касийр
-Таарийху аль-ислаам Ли-Захабий
-Таарийху Димашк Ли-Ибни А’саакир таржамату Зайд бин Умар бин Аль-Хаттооб.
- А’яану аш-шийа’ти Ли-Мухаини Аль-Амийн
-Сияру а’лааму ан-нубала’
-Рияаду аль-масаaил Ли-Т-Тобтооий
-Ат-Тобакooту аль-Кубро Ли-Ибни Са’д.
-Кашфу аль-лисаам Ли-л-Фаадил Аль-Хиндий
-Кифааяту аль-ахкаами Ли-с-Сабзаавий
-Аль-Ваафий фиаль- Вафаяати Ли-С-Сафади
-Васааилу аш-шийа’ти Ли-л-Хурри аль-аа’милий
-Мухталифу аш-шийа’ти ли-л-халлий

**Эскерүү: бул дарак баардык туугандык байланышты камтыган жок. Алардын арасындагы белгилүү болгон Фатима, Жауфар жана Зейнеп**

Туугандык байланыш

Сахаба


هاتف : ٢٥٦٠٢٠٣ / ٢٥٥٢٣٤٠ / ٢٥٥٢٣٤١ - فاكس : ٢٥٦٠٣٤٦ - ص.ب: ١٢٤٢١ الشامية الرمز البريدي 71655 الكويت
www.almabarrah.net / Email: almabarrh@gmail.com

## Бешинчи бөлүм
## Аллахтын элчиси (ага Аллахтын салават саламдары болсун) менен Абу Бакрдын (Аллах андан ыраазы болсун) кудалык байланышы.

Абу Бакр менен Аллахтын элчисин алты кудалык байланыш туугандыгын бекемдейт. Эң шарапаттуусу Абу Бакрдын кызы Аиша (Аллах алардан ыраазы болсун) Аллахтын элчиси менен хижраттан мурда баш кошкондугу.

Бул кудалык менен эле чектелбей, Аллахтын элчисинин неберелери Хасан менен Хусейн Абу Бакрдын неберелери менен баш кошот.

Кийин Хасандын небереси Муса ал-Жун Абу Бакрдын чыбырасына үйлөнөт (Аллах алардан ыраазы болсун).

Хусейндин үйбүлөсүнөн ал-Бакир сексенинчи хижрий жылдар чамасында Абу Бакрдын чебереси умму Фарвага үйлөнүп Жаъфар ас-Содик дүйнөгө келет. (бардык тарихий негиздер тастыктайт.)

Ошондой эле Алинин чыбырасы Исхак Абу Бакрдын чыбырасы Умму Кулсум менен баш кошот.

Абу Толибтин баласы Жаъфардында тукумунан чебереси ат-Таййар Умму фарванын сиңдиси Абу Бакрдын чыбырасы Умму Хакимге үйлөнөт. Ошондо Умму Хаким Жаъфар ас-Содиктин бир тууган таежеси болот.

Жогорудагы тарыхтан алынган нерселерден ачык көрүнүп турат:

Көп башкошуулар Абу Бакр каза болгондон кийин болгон. Кээбирлер жалаа жапкандай бул баш кошууларга эчкандай саясий, байлык жана бийлик таасир эткен эмес. Эки үйбүлөнүн бири бирине болгон сүйүү жана урмат сый менен гана баш кошулган.

Дагы бир көңүл бурула турган нерсе. Эркектердин баары Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын салават саламдары болсун) тукумунан жана кыздар Абу Бакр (Аллах баарынан ыраазы болсун) тукумунан болгон. Баарыбызга белгилүү куда түшүү эркек тараптан болот, ошондук баш кошууну каалоо Алинин балдары тарабынан болгон (Аллах алардан ыраазы болсун).

Бул баш кошуулар ар түрдүү окуялардан кийин болгон (ас-Сакифа, Соффайн, ал-Жамал, Карбалаа) бул да болсо жалпы ислам үммөтүнө далил, бул окуялардан кийин да улуу сахабалардын небере чеберелери душмандашпай достугун бекемдеп, кудалыгын улантышкан. Мусулмандарды душандаштырууну каалагандардын бул жерде да сөздөрү суу кечпей калды.

مبرة الآل والأصحاب

# Аллахтын элчиси (ага Аллахтын Салам Салаваттары болсун) менен Абу Бакрдын (Аллах андан ыраазы болсун) кудалык байланышы

Бул сүрөттө баяндалгандай Ислам тарыхы сахабалар жана пайгамбарыбыздын теги баары бири бири менен кыз алышып кыз беришип жагагалса бири биринин ысымдары менен балдарын атагандыгын тастыктай, алардын баары бир болгон. Алардын туугандыгын достугун эч кандай фитна буза алган эмес.

- **Абдулмуттолиб**
  - **Абдулла**
    - **Мухаммад** (ага Аллахтын Салам Салаваттары болсун) Аиша (Аллах андан ыраазы болсун) Хижрадан мурда үйлөнөт — A1
  - **Абу Толиб**
    - **Жаьфар**
    - **Абдулла**
    - **Исхак** Умму Хакимге Карбала салгылашуусундан кийин үйлөнот — A3
    - **Али бин Абу Толиб**
      - **Хусейн Аш-Шахид**
        - **Али Зайн Абидин**
          - **Мухаммад Бакир** Умму Фарвага 80-хижрий жылдан мурда үйлөнот — A4
          - **Абдулла**
            - **Исхак** 2-кылымдын ортосунда Кулсумга үйлөнот — 6 а
      - **Хусейн Аш-Шахид** Хафсага 49-хижрий жылдан мурда үйлөнот — 3 а
        - **Хасан Мусанна**
          - **Абдулла Махз**
            - **Муса Ал Жаун** Умму Салямага 154-хижрий жылы үйлөнот — 5 а

- **Абу Бакр Сыддык**
  - **Абдурахман**
    - **Абдулла**
      - **Толха**
        - **Мухаммад**
          - **Умму Салама** — 5 б
    - **Хафса** — 2 б
  - **Мухаммад**
    - **Касым Факих**
      - **Умму Хаким** — 3 б
      - **Умму Фарва** — 4 б
      - **Абдурахман**
        - **Исмаил**
          - **Кулсум**
  - Момундардын энеси **Аиша** — 1 б

Кайрылган булактар:
1) Пайгамбардын (С.А.В.) Айшага үйлөнүшү:
-Таарииху димашк (Дамаск тарыхы) 3/92
-Аль Исообату 1726-бет
-Бихару Аль-Ануаар 22/202
2) Пайгамбардын (С.А.В.) небереси Аль-Хасандын Абу Бакрдын кызы Хафсага үйлөнүшү.
-Таарииху димашк (Дамаск тарыхы) 93/210
-Бихару Аль-Ануаар 44/173
3) Абдулахтын баласы Исхактын Аль-Касым кызы Умму Хакимге үйлөнүшү:
-Жумалу мин Ансааби Аль-Ашроофи Ли Аль-Баазирий 2/326
-Аль-Куний уа Аль-Алькообу Ли Аббаси Аль-Комий 184-185 беттер.
4) Мухаммад Аль-Баакирдин Умму Фаруага үйлөнүшү:
-Жамхароту насаби Курайштин уа Ахйааруха 2/613
-Умдату Ат-Таалиби 225-бет.
-Аль-Асылай 149-бет
-Аль-Иршааду Ли Аль-Муфиди 270-бет
5) Муса Аль-Жуундун Мухамаддын кызы Умму Саламага үйлөнүшүү:
-Умдаату Ат-Тоолиби 133-134 беттер.
-Мукоотилу Ат-Тоолибин 498-бет.
-Сирру Ас-Сильсилати Аль-Улувайа 10-бет.
-Насабу Курайшин 65-бет
6) Ислам Тарыхындагы негизги окуялар:
(1) Хижрийдин 11-жылында Пайгамбардын (С.А.В.) өлүмү.
(2) Сакийфа окуясынын болуусу Хижрийдин 11-ж
(3) Маукиату-Аль-Жамаль (Тоо согушу) согушу: Хижранын 36-ж жумаада Аль-Аахиро айы.

## Алтынчы бөлүм

## Эки энем Абу Бакрдан

Алини чебереси имам Жаъфар ас-Содик (Аллах алардан ыраазы болсун) таятасынын чоң атасы Абу Бакр менен сыймыктанып: “эки энем Абу Бакрдан” деп айткан белгилүү сөзү бар.

Энеси Ата тарабынан да жана эне тарабынан Абу Бакрга (Аллах алардан ыраазы болсун) небере болгондуктан сыймыктанып ушул сөздү айтчу экен.

Жаъфар ас-Содиктин энеси Фарва Абу Бакрдын чөбөрөсү болот. (бул биринчиси)

Жаъфар ас-Содиктин энесинин энеси Асмаа бинту Абдуррохман бин Абу Бакр. Абу Бакрдын небереси. (бул экинчиси)

Ал-Баакыр менен Фарва, Абу Бакр (Аллах андан ыраазы болсун) каза болгондон кийин 80 фижрий жылы баш кошушкан, ошол никеден Жаъфар ас-Содик жарыкка келет.

Эне тарабынан Абу Бакрге жана ата тарабынан Алиге чебере болгон имам Жаъфар ас-Содик чооң аалым болгон.

Кандайча илимдүү болбосун! ушундай улуу инсандардын чебереси болсо!. Жаъфар ас-Содиктин сахих муслим жана төрт хадис жыйнактарында риваяттары бар, ошондой фык илими менен белгилүү болгон.

Жогорудагы сөздөр Ислам таарых кетептеринен алынды.

مبرة الآل والأصحاب

# Имам Жаьфар Ас-Соодык
## «Эки энем Абу-Бакрдан»

*1. Өз энеси Абу-Бакрдын чебереси болот*
*2. Тай энеси Абу-Бакрдын небереси болот*
*(Алардан Аллах ыраазы болсун)*




Ислам тарыхы сахабалардын достугун жана карын катташынын бекемдигин тастыктайт.
Канча муун өтсө да бири биринин достугу кудалашуусу уланган.

Умда ат-Толиб фи насаб аби толиб 828. жулла ал-Маарифа 345. кашфу ал-Гумма фи маарифату ал-Умма 2/347.
Ансааб ат-Тоолибиин 149. тазхиб ал-Камаал 5/75. Тазхиб ат-Тахзиб ибну Хажар ал-Ьасколаний 1/295. 798 номер.

**Кайрылуучу булактар:**
1) Тахзиб Аль-Камаал Ли Аль-Музий 2/227; 2) Аль-Кашифу Ли-Аз-Захабий 1/139; 3) Тахзинбу Ат-Тахзиив Ли-ибн Хажар 1/310;
4) Аль-Асылай 149-бет; 5) Умдаату Ат-Тоолиб 225-бет; 6) Кашфу Аль-Гиммаш Ли Аль-Арбилий 2/347.

**Эң негизги кайрылуучу булактар:**

1) Тахзийбу Аль-Камаал Ли Аль-Музий 2/277
2) Аль-Кашифу Ли Аз-Захабий 1/139
3) Тахзиибу Ат-Тахзиив Ли ибн Хажар 1/310
4) Аль-Асылый 149-бет
5) Умдаату Ат-Тоолиб 225-бет
6) Кашфу Аль-Гимма Ли Аль-Арбилий 2/347

## Жетинчи бөлүм

## Имам Жаъфар Ас Соодык

**Абу Абдулла Жаъфар Ас Соодык бин Мухаммад Аль Баакир бин Али Зайнуль Аабидин бин Хусейн бин Али бин Абу Тоолиб (баарынан Аллах ыраазы болсун).**

Жаъфар Ас Соодык чоң аалымдардын бири. Өз элинин башчысы болгон. Чынчыл болгондуктан Ас Соодык деген лакап коюлган жана башка фазилеттери өтө көп.

80-хижрий жылы туулган. 83-хижрий жылы 8-Рамазанда 3-күнү туулган деп да айтылат.

148-хижрий жылы Шааваль айылында каза болгон. Атасы Мухаммад Аль Баакир жана чоң атасы Али Зайнуль Аабидин ошондой эле чоң атасы Хасан бин Алинин жанына Бакиъке коюлган.

Жогорудагы макалалардын биринде Абу Бакр Сыддык менен эне жагынан тууган экендигин айтып өткөнбүз. Абу Бакр Жаъфар Соодыктын энесинин чоң атасы болот.

Жаъфар Соодык чоң аалымдардан илим алган 565 Хадис рифаят кылган. Кураанга жана Хадиске амал кылган жана амал кылууга башкалырда да үндөгөн.

565 тен көп хадис риваят кылган (19.)

# Имам Жаьфар Ас-Соодык

## Хадис жыйнактарында беш жүз алтымыш беш Хадистен көп Хадис риваят кылган

مبرة الآل والأصحاب

Имам Жаьфардын айтканы: мен пайгамбарыбызга чыбыра болом. Эгерде Аллахка моюн сунсам мээримине алат, эгерде күнөө кылсам катуу азаптайт. [9] (кичи пейилдиктен) биз көптү билбейбиз башкалар көптү билет. [7] Жакшылык үч нерсе менен болот: аткарууга шашылуу, кичи пейилдик жана жашыруу (элге көрсөтпөстөн). [8] Таквалыктан даамдуу тамак жок, аз сөздүктөн жакшы нерсе жок, илимсиздиктен жаман душман жок, жалган сүйлөөгөн катуу оору жок. [9].

Жаьфар Ас-Соодиктин Аиша аттуу урпагы:
Аиша бинт Жаьфар ас-Соодик. [10] Аиша бинт Муса ал-Казим бин Жаьфар ас-Соодик. [11] Аиша бинт Али ар-Ридо бин Муса ал-Казим. [12]
Аиша бинт Жаьфар бин Муса ал-Казим. [13] Аиша бинт Али ал-Хадий бин Мухаммад ал-Жаввааd. [14]




Сахабаларды жакшы көрүүсү:
«Пайгамбарыбыздын сахабалары он эки миң эле. 8 миң Мадинада, 2 миң Меккеде, дагы 2 миңи ат-Толкоо деген жерде. Алардан өзүмдү артыкмын деп эсептебеймин.......» [1]
Ал айтты: «Абу Бакрдан шапаат кандай үмүт кылсам Алиденда ошондой шапаат үмүт кыламын» [2]
Айтты: «Кайсыл инсан чоң атасын акарат кылат?! Абу Бакр менин чоң атам. Абу Бакр менен Умарды урматтап сыйлабасам Пайгамбардын шапаатынан кур калам.» [3]
Абу Бакр жана Умар жөнүндө сурашканда ал айтты: «Сен Бейиш даамын жеген кишилер жөнүндө сурап жатасын»-деп жооп берди. [4]
ал айтты: «Ким Абу Бакр менен Умардан баш тартса Аллах алардан баш тартат.» [5]

1) Аль-Хисоолу Ли Аль-Колий (639)
Бихаару Аль-Анваар Ли Аль-Мажлисий (22/305)
2) Фадооилу Ас-Сахааба Ли Ад-Доорокутний (58)
Марху усуулу Ас-Сунна Ли Аль-Ляликаи (7/1380)
3) Фадооилу Ас-Сахааба Ли Ахмад (1/175)
Фадооилу Ас-Сахааба Ли Ад-Даарокутний (56)
4) Фадооилу Ас-Сахааба Ли Ад-Даарокутний(96)
Сияру Аъаами-Ан-Нубалаа Ли-Аз-Захабий 6/259
5) Ас-Суннату Ли Абдиллах ибн Ахмад 2/557
Фадооилу Ас-Сахааба Ли Ад-Даарокутний 187
6) Рижаалу Пль-Каший (147); Бихаару Аль-Анваар Ли Аль-Мажлисий (25/290)
7) Таарииху ибн Аби Хайсама (2/916)
Шарху усуули Аль-Иътикоод Ли Аль-Ляликаан (8/1485)
8) Хиляту Аль-Аулия Ли Аби Наъиим (3/198)
Шуъабу Аль-Иймаан Ли Аль-Байхакий (13/328)
9) Хиляту Аль-Аулия Ли Аби Наъиин (3/196)
Таарииху Аль-Ислаам Ли Аз-Захабий (3/828)
10) Нууру Аль-Абсоор Ли Аш-Шабланжий 287
(Жаъфар Ас-Соодиктин балдарынан бири Аиша)
Аълааму Ан-Ниса Кахаала 3/132
11) Кашфу Аль-Гимма 3/29 (Муса Аль-Казимдин балдары Умар; Хамза жана Аиша)
12) Кашфу Аль-Гимма 3/60 (Али ибн Мусанын балдарынан Аиша)
13) Аль-Маждий: 201 (Жаъфап ибн Мусанын балдарынан Аиша)
14) Аль Иршаад: 334 (Аиша бинт Али Аль-Хади)
15) Ат-Таарииху Аль-Кашаал Ли Аль-Музий (5/75) жана (10/96)
Сияру Аълаами Ан-Нубалаа Ли Аз-Захабий (6/255)
Тахзиибу Ат-Тахзиив Ли ибн Хажар (2/103)
16) Риваяттар томонку хадис китептеринде келген:
Сахих Муслим (22); Аль-Муатто (10); Муснад Ахмад (26); Сунан Абу Дауд (13); Сунан Ан-Насан (44); Сунан Ат-Тирмизий (20); Сунан ибн Мажа (19); Сунан Ад-Дааримий (7); Ас-Сунан Аль-Кубро Ли Ан-Насай (58); Сахих ибн Хузайма (35); Сахих ибн Хиббан (20); Мустадрок Аль-Хаким (45); Ас-Сунан Аль-Кубро Ли Аль-Байханий (179); Аль-Муъжам Аль-Кабир Ли Ат-Тобароний (56).

## Сегизинчи бөлүм

### Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын салават саламдары болсун) жана Умардын (андан Аллах ыраазы болсун) кудалыгы

Адам баласынын мырзасы, жиндер менен инсниятка элчи, пайгамбарлардын улугу болгон инсандын Умардай (Аллах андан ыраазы болсун) болгон инсанга жуучу түшкөндүгү бул Умарга өтө чоң шарапат жана сый эле.

Умардын ким экени баарыбызга белгигүү. Сахабалардын алды, халифалардын экинчиси, малы жана жаны менен мусулмандарды коргогон, исламга келүүсүү менен мусулмандар ыззаттуу болушкан жана жашыруун дааваттан ачыкка чыгышкан. Аллахтын элчиси менен кудалашуусу аны аябай кубантып, ардайым сыймыктанчу.

Кудалашуунун улугу, белгилүүсү, Аллахтын элчиси менен моомундардын энеси Хафса менен баш кошуусу. Бул башкошуу хижрий жыл эсебинин үчүнчү жылы Бадр согушунда күйөөсү каза болгондон кийин Хафса энебиз Аллахтын элчисине (ага Аллахтын салам салаваттары болсун) турмушка чыгат.


Күйөөсү халифа (Али), атасы халифа (Умар) жана чоң атасы Пайгамбар болгон Умму Кулсум мындай деп айтчу: “Менин жүрөгүмө жакын болгон эки инсан экөөтең намазда каза болушту”. Умарда Алида намазда каза болушкан эле.

Экинчи кудалыгы, Умардын Али менен Фатиманын кызы Аллах элчисинин небереси Умму Кулсумгө үйлөнгөнү (баарынан Аллах ыраазы болсун).

Үчүнчү кудалыгы, бешинчи муунда Умардын чебереси Жубайриййа менен Алинин чебереси Хусейнге турмушка чыккан. Бул да болсо канча муун өтпөсүн баарынын достугунун жана туугандыгынын бекемдигин тастыктайт.

# Умар менен Пайгамбарыбыздын кудалык байланышы

مبرة الآل والأصحاب




## Эң негизги кайрылуучу булактар

1) Аль-Маъаарифу Ли ибн Кутайба 232
2) Ат-Тобакооту Аль-Кубро Ли ибн Саъд 3/332
3) Усаваилу Аш-шииъа Ли Аль-Хурри Аль-ъаамилий 20/240
4) Насабу Курайш Ли Аз-Зубайрий 25
5) Умдаату Ат-Толиб 344
6) Ансаабу Аль-Ашрооф Ли Аль_баазирий 1/474
7) Мухталафу Аш-Шийъа Ли Аль-Халлий 2/308
8) Аль-Мансум Ли-Ат-Тусий 4/270
9) Аль-Асылый Ли ибн Ат-Токтокий 58
10) Бихаару Аль-Анваар Ли Аль-Мажлисий 44/168, 45/329

**Эскертүү: Бул жерде кээбирлери гана жазылды.**

Эки окшош тамга Пайгамбарыбыз жана Умардын балдары жана неберелеринин баш кошконун билдирет. Аллах андан ыраазы болсун деп сахабага айтылат.

Бул сүрөт Ислам тарых булактарынан алынды. Ислам тарыхы сахабаларды жана алардын балдары неберелери катуу карын каттаашта болгонун тастыктайт.

## Тогузунчу бөлүм

### “Мен эки халифанын баласымын”-деп Зайд бин Умар сыймыктанып айтчу экен.

Зайдтын атасы Умар, таятасы Али (Аллах баарынан ыраазы болсун) болгондуктан “Эки халифанын баласымын”-дечү экен.

Умар Алинин кызына (Аллах алардан ыраазы болсун) жуучулукка барып Али (Аллах андан ыраазы болсун) макул болгондо никесин кыйып катуу кубанып сахабаларга мени куттуктагыла дейт экен. Сахабалар болсо: Эмне болду?! оо моомундардын амири дешет. Умар (Аллах андан ыраазы болмун) айтты: Али менен Фатиманын кызы Умму Кулсумгө үйлөндүм. Мен Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын салават саламдары болсун) айтканын уктум, ал айтты: “Кыяматта баардык туугандык жана бардык себептер үзүлөт. Бир гана менин себебим жана туугандыгым үзулбөйт.” Хаким 4684. Байхакий 13393. Сахих ал-Жамиъ 4527.

Умму Күлсүм Зайд жана Рукоййа төрөйт. Зайдын өмүрү кыска болуп жашында каза болот. Жаназасын бир тууганы Абдулла бин Умар окуйт. Таякелери Хасан менен Хесейн жаназасына катышышат.

Кызы Рукоййа турмушка чыгып узун өмүр сүрөт.

مبرة الآل والأصحاب

Умардын баласы Зайд айтты:

# Мен эки халифанын баласымын

Аялдардын айымы
**Фатима Аз Захра**
(Аллах андан ыраазы болсун)

Халифа
**Али бин Абу Толиб**
(Аллах андан ыраазы болсун)

Халифа
**Умар бин Хоттаб**
(Аллах андан ыраазы болсун)

**Умму Кулсум**
(Аллах андан ыраазы болсун)

Умар экөө 20-хижрий жылдан мурда баш кошкон

**Зайд**

Энеси экөө (Умму Кулсум) 45-хижрий жылы бир убакытта каза болушкан

Ибну Ъабдулбирдин «Истиъааб» деген китепте: Алинин кызы Умму Кулсум жана анын баласы Зайд (Зайд согуштан жаракат алып) экөө бир күндө каза болушат, деп жазылат. Ушундай эле сөз Баалья Зарийдин «Ансааб Аль Ашроов» китебинде келген

**Фатима менен Алинин кызы Умму Кулсумгө Умардын үйлөнүүсү Али менен Умардын достугу жана туугандыгы бекем экенин тастыктайт. Тарыхты бурмалап экөөн элдешкиз душман көрсөткүсү келгендерден этият бололу.**


Бул кудаалаштык эскерилген булактар:
- Аль-Усайлий Ли-ибни Ат Токтокий 58-бет
-Бихаару аль-анваар Ли-Л-Мажласий 78/382
-Аль-Бидаяту ва ан-нихаяту Ли-Л-Хаафих Ибни-Касийр
-Таарийху аль-ислаам Ли-Захабий (Хавадису анати 45) (45-жылдары болгон окуялар)
-Таарийху Димашк Ли-Ибни А'саакир таржамату Зайд бин Умар бин Аль-Хаттооб.
- А'яану аш-шийа'ти Ли-Мухаини Аль-Амийн 3/486
-Сияру а'лааму ан-нубала' 2/502
-Рияаду аль-масааил Ли-Т-Тобтооий 12/664
-Ат-Тобакооту аль-Кубро Ли-Ибни Са'д. 8/462
-Кашфу аль-лисаам Ли-л-Фаадил Аль-Хиндий 9/525
-Кифааяту аль-ахкаами Ли-с-Сабзаавий
-Аль-Ваафий фиаль- Вафаяати Ли-С-Сафади 15/23
-Васааилу аш-шийа'ти Ли-л-Хурри аль-аа'милий 26/314
-Мухталифу аш-шийа'ти ли-л-халлий 2/308.

## Онунчу бөлүм

## УСМАН
## (Аллах андан ыраазы болсун)

Моомундардын амири, халифалардын үчүнчүсү, Бейиш убада кылынган, эки хижраттын ээси, биринчилерден болуп исламды кабыл кылган, “Дарак астындагы ант берүү”-окуясынын себепкери, исламда да жахилиятта да урмат сый ээси Усман (Аллах андан ыраазы болсун).

Усмандын (Аллах андан ыраазы болсун) Аллахтын элчиси (га Аллахтын салават саламдары болсун) беш жакындыгы бар.

1). Усман (Аллах андан ыраазы болсун) Аллахтын элчиси менен (ага Аллахтын салават саламдары болсун) үчүнчү атасы Абду Маннафка барганда насабы биригет.

2). Усмандын (Аллах андан ыраазы болсун) таенеси ал-Байзоо пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын салават саламдары болсун) атасы Абдулла менен бир тууган.

3). Энесинин чоң атасы Кариз да Абдуманнафтын балдарынан болгон. Ошентип Усман (Аллах андан ыраазы болсун) ата тарабынанда эне тарабынан Аллахтын элчиси менен насабы бир.

4). Баарына белгилүү болгондой, Аллахтын элчисинин кызы Рукоййага үйлөнүп ага күйөө бала болуусу. Рукоййага (Аллах андан ыраазы болсун) хижраттан мурун үйлөнүп, Хабашага (Эфиопия) бирге хижрат кылган анан мадинага хижрат кылган. Бадр газават учурунда ооруп калып каза болот.

5). Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын салават саламдары болсун) биринчи кызы каза болгондо экинчи кызы Умму Кулсумду берип Усман (Аллах баарынан ыраазы болсун) эки нур ээси деп аталган.

Аллах сахабалардын баарынан ыраазы болсун. Достук жана тууганлыктары куттуу болсун.

Муну менен эле чектелбей анын небере чеберелери да пайгамбардын небере чеберелерине үйлөнүшүп кыз беришип урук тууганлык дагы уланган. Аны төмөнкү схемада көрө аласыздар.

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын салат саламдары болсун): “Периштелер уялган кишинен мен да уяламын”-деп айткан. Муслим 2401.

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын салават саламдары болсун) Усманды (Аллах андан ыраазы болсун) бир нече ирет бейиш менен сүйүнчүлөгөн: “Ким оор абалда аскерди жабдыктар менен дайындаса ага бейиш”-дегенде, Усман аскерди бүт жабтыктар менен дайындады. “Ким руума кудугун казса ага бейиш”-дегенде, Усман ал кудукту казды. “Байъату ар-Ридванда” баары Аллахтын элчисине (ага Аллахтын салават саламдары болсун) кол берип жыткандa, Усмандын (Аллах андан ыраазы болсун) ордуна Аллахтын элчиси экинчи колун бул Усмандын колу деп Усмандын ордуна ант берди. Дагы бир артыкчылыгы Пайгамдарыбыздын мечитинин жанындагы үйлөрдү сатып алып Медина мечитин чоңойткон.

# Усман Пайгамбардын үйүндө

مبرة الآل والأصحاب




- Ат-Тобакооту аль-кубро 3/30
- Асаду аль-гообата 3/538
- Таарийху аль-я'кубий 2/162 (аты жана теги апасына жана атасына таандык кылынып эскерилди)
- Ат-тобакооту аль-кубро 8/265 (Байдооүу ( ) Усмандын чоң энеси жана анын кызы Арваа)
- Аль-истийа'б 4/1780 (Байдооү-Усмандын чоң энеси жана Абдуланын экендиги эскерилген)
- Таарийху Аль-Я'кубий 2/17
- А'йаануа 4/663
- Таарийху аль-ислам Ли-З-Захабий 1/467 (Тега жана Рукаййага Умму Күлсүнгө үйлөнгөндүгү эскерилген)
- Бихаару аль-анваар. 22/201-202 (Рукаййага жана Умму Күлсүнгө үйлөнгөндүгү эскерилген).

Туугандык түз байланыш

Эки бир туугандык байланыш

Никелик байланыш

(Аллах андан ыраазы болсун)-
сахаба экенин билдирет

Жогорудагыдай сүрөт менен баяндоо Усман (Аллах андан ыраазы болсун) менен Пайгамбырыбыздын туугандык мамилеси терең экенин ачык байкоого болот.

1. Пайгамбарыбыздын үчүнчү атасы Абду Маннафта биригет.
2. Пайгамбарыбыздын эки кызына (бири каза болгондон кийин) үйлөнөт.
3. Усмандын энеси Урва Пайгамбарыбыздын атасынын эгизи болот.

# Хусейн бин Али

*(Андан Аллах ыраазы болсун)*

## 4-хижрий жылы туулуп 61-хижрий жылы шейит болгон

مبرة الآل والأصحاب

*Аллахтын элчиси айтты (ага Аллахтын Салам Салаваттары болсун): Хасан жана Хусейн бейиш жигиттеринин мырзасы. (Ахмад, Термизий, Мусаий жана Ибнумааже риваят кылган)*

### Согушкандар:

Куфа эли бала-чакасы менен ага каршы согушка чыгышкан. (6) Убайдулла бин Зиядтын буйругу менен Амр бин Саьд аскер башчылыгында, Синан бин Анас ан-Нахьий жана Шамр бин Зи ал-Жушин экөө өлтүргөн. (7)

### Алдашты.

Куфа эли сени коргойбуз деп алдап Куфа шаарына чакырышат. (8) жана башкалар аны коргоонун ордуна сөз менен эле чектелишет. (9)

### Колдогондор.

Ибну Аббас, ибну Умар, ибну Зубайр, Мухаммад бин Али ибн ал-Ханафия, Абдулла бин Жаьфар бин Абу Толиб, Абдулла бин Мутиь, Абдулла бин Ьайяаш, Язид бин ал-Асом жана Аби Ваакид ал-Лайсий.
булар Куфага барба алар кыянаттык кылат деп айтышкан. (10)
Бир туугандары Абу Бакр, Аббас, Усман, Жаьфар, Абдулла жана балдары, балдарынын балдары ошондой эле Хур бин Язид сымал кээбир Ансарларда согушта бирге болушкан.(11)
Абу Бакр бин Хилаал айтты: Хусейн бин Алини өлтүргөндөргө Аллахтын каргышы болсун. Умарды өлтүргөндөргө Аллахтын каргышы болсун, Усманды өлтүргөндөргө Аллахтын каргышы болсун, Алини өлтүргөндөргө Аллахтын каргышы болсун. (12) Такийуддин ибну ат-Таймия айтты: Ким Хусейнди өлтүргөн болсо же өлтүрүүгө жардам берген болсо, же өлгөнүнө кубанган болсо ага Аллахтын, периштелердин жана бардык адамдардын каргышы болсун.(13) Куртубий айтты: Сухейнди Аллах мээримине алсын, өлтүргөндөрдү мээримине албасын. андан Аллах ыраазы болсун, өлтүргөндөрдөн ыраазы болбосун. (14)




1) Сияру аалааму ан-нубалаа 5/3/4 Насабу Курайш Ли-ибни Баккаар 5/57
2) Аль-Иршааду Ли-л-Муфийд 248-бет Тафийху Ли-Ят-Тобарий 4/359, Насабу Курайш 2/40
3) Таарийху Ат-Тобарий 5/270 Ат-Таарийху Ли-ибин Аль-Асийрде толугу менен (Хижранын 30-жылдары болгон окуялары). Таарийху ибни Холдун 2/135
4) Аль-бидаяту ва он-нихаяту Ли-л Хаафиз ибни Касийр 8/151, Таарийху Ат-Тобарий 6/148
5) Таарийху ибни Холдун 2/127
6) Мунтаха аль-аамаали Ли-л-кон 568-бет Нафсу Аль-Маахнуум Ли Аббас Аль-Комий 365-бет
7) Таарииху Ат-Табарий 4/364 Мукоотиму Ат- Тоалибиин Ли-Аби Аль-Фаронс Аль-Асфаханий Амалий Ас-Содук 226-бет.
8) Бихару Аль-Анвар Ли Аль-Мажлисий 44/333 Таарииху димашк Ли Аль-Хаафиз ибн Асакир 14/612 Аьйаану Аш-шийа 26-бет. Аль-Мальхамату Аль-Хусейнийа Ли-Муртадоо Аль-Мутохорий1/129
9) Минханжу Ас-сунна Ли ибн Тиймия 4/557. Таарииху Ат-Тобарий 3/339. Багийяту Ат-Толаб фи Таарийхи Халаб Ли ибн Аль-Адин 3/38 Аль- Иршааду Ли Аль-Муфийд 2/122
